ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№5 ПРОТОКОЛУ**

*4-февраль, 2025-жыл.*

*Төрага:* Б.А. Азимов

*Окумуштуу катчы:* З.Ж. Мурзакматова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 40 мүчөсү катышышты.

**Күн тартиби:**

1. Программалык аккредитациядан өткөн программалардын постаккредитациялык иш-чаралары (Баяндамачылар: программа жетекчилери);

2. 2024-окуу жылындагы илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыктары (Баяндамачы: доцент Н.А. Абдирайимова);

3. KPIдын кафедраларда аткарылышы боюнча отчеттор (Баяндамачылар: кафедра башчылары);
4. Ар түрдүү маселелер.

*УГУЛДУ:* МФТИТ институтунун директору А.Б. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Регламент боюнча 1-маселеге 3 минутага чейин, 2-маселеге 10 минута, 3-маселе боюнча ар бир кафедра башчыга 3 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: кеңешменин төрагасы А.Б. Азимов институттун программалык аккредитациядан өткөн программалардын постаккредитациялык иш-чаралары боюнча маалымат берип, 1-2-3-класстерлер боюнча аккредитациянын талаптарына ылайык так отчетто көрсөтүлүп, ошол отчеттун негизинде жогорудагы класстерлердеги программалар постаккредитациялык мониторингден ийгиликтүү өткөндүгүн НААР агентиги жарыялады. Алдыда өтө турган программалар боюнча тиешелүү программа жетекчилери аккредитациядан өтүү үчүн иш аракеттерди жүргүзүп жатат.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: 2024-окуу жылындагы илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыктары. Рейтингке кирүү боюнча иш-пландар, аткарылышы, ишке ашканы жана скопустагы макалалардын саны боюнча илимий иштер боюнча декандын орун басары, ИСП кафедрасынын доценти Н.А. Абдирайимова билдирүү жасады.

**Талкуу:**

*А. Сопуев (ИСП кафедрасынын профессору):* илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча жылдык отчет мазмундуу жана маңыздуу экендиги көрүнүп турат. SWOT анализдин алсыз жактарындагы 7-маселе боюнча сунуш айткым келип жатат. ОшМУнун журналына да биз англис тилинде макалаларды жарыялашыбыз керек. Активдүүлүгүн көтөрүшүбүз керек.

Учурда бир да макала келип түшө элек. Тиешелүү кафедра башчылары эске алып, кафедранын ар бир мүчөсү англис тилинде макала чыгарып туруусун талап кылуу зарыл.

*А.О. Келдибекова (МИОТжББМ кафедрасынын профессору):* мен да А. Сопуев агайдын сөзүнө кошулам. Англис тилинде макала жазып, чет элдик авторлорду да кошуубуз зарыл. SWOT анализде көрсөтүлгөндөй биздин институтка тиешелүү болгон багыттардагы илимий журналдарды скопус маалыматтар базасына киргизүү үчүн ар бириңиздердин жардамыңыздар керек.

**Сунуш:**

*У.А. Сопуев (жогорку математика кафедрасынын башчысы, доцент):* Биз жылда эле олимпиадаларды регионалдык деңгээлде гана уюштуруп жатабыз. Олипиадаларды республикалык денгээлде да уюштурууну сунуштайт элем. ОшМУ ушул маселе боюнча бизге маалыматтарды берсе жакшы болот эле.

Бул маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңеши **ТОКТОМ кылат:**

1. МФТИТ институтунун 2024-жыл үчүн илимий-изилдөө иштердин жыйынтыктарынын отчету канааттандыраарлык деп табылсын;
2. Кафедраларда илимий-методикалык семинарларды, конференцияларды өткөрүү күчөтүлсүн (Жооптуулар: кафедра башчылары);
3. Сайтты оптималдаштыруу максатында кафедраларда илимий-изилдөө иштери боюнча жүргүзүлгөн ишчаралар институтунун сайтындагы илимий-изилдөө иштери боюнча ачылган баракчада жайгаштырылып, ага жооптуу катары кафедранын илимий-изилдөө иштери боюнча координаторлоруна милдеттендирилсин;
4. Студенттерди аймактык, эл аралык жана дүйнөлүк олимпиадага даярдоо ийримдеринин иши күчөтүлсүн (Жооптуулар: ийримдин жетекчилери, кафедра башчылары);
5. Студенттерди макала жазууга, конференцияларга катыштырууга жана долбоорлор менен иштөөгө үйрөтүү үчүн ар бир окутуучу жакындан жардам берүүсү милдеттендирилсин (Жооптуулар: кафедра башчылары);
6. Институттун мүчөлөрүнүн окуу куралдарды, монография жана Web of science, Scopus маалыматтар системаларынан макала чыгаруусу күчөтүлсүн;
7. QS, HAAP, EdNet рейтингдеринде жогорку көрсөткүчкө жетүү үчүн иш-чараларды аткаруу күчөтүлсүн;
8. Отчет боюнча чыгарылган SWOT-анализ институтунун стратегиялык планында эске алынсын; 9. Окумуштуулар кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө директордун илимий иштери боюнча орун басары Н.А. Абдирайимовага жүктөлсүн.

**3-маселе:**

KPIдын кафедраларда аткарылышы боюнча отчеттор, кафедраларда жасап жаткан иштер, пландар ж.б. маселелер боюнча баяндамачылар кафедра башчылары тарабынан маалымат берилди.

**Сунуш:**

*У.А. Сопуев (жогорку математика кафедрасынын башчысы, доцент):* KPIдын кафедраларда аткарылышы боюнча маселени институттун административдик кеңешинде эле карап коюу туура эле.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* бул 3-маселе боюнча отчеттор институттун Окумуштуулар кеңешинде берилгени туура эле. Себеби, план боюнча ар бир кафедра башчы университеттик деңгээлде отчет бересиздер. Институттун деңгээлинде да караганыбыз максатка ылайыктуу. Илимий долбоорлорду тартууну окуу жылынын аягына чейин аткаруу керек.

*А. Сопуев (ИСП кафедрасынын профессору):* SCOPUS тан макала чыгаруу дей берсек, анда ОшМУнун жарчысы жоготуп алуу коркунучунда турабыз. Өзүбүздүн журналды активдүүлүгүн көтөрүү керек. Менин сунушум ал үчүн КРІдын кафедраларда аткарылышы боюнча бир пункт кошуп коюу керек. Кафедранын ар бир мүчөсү ОшМУнун жарчысынан жылына жок дегенде бирден макала чыгарып туруу керек деген.

*А.О. Келдибекова (МИОТжББМ кафедрасынын профессору):* биздин программалар аккредитациядан өткөн учурда эксперттер тарабынан эне тилде жарыяланган маклалар суралган. Ошондуктан биз өзүбүздүн илимий журналдарыбызга эне тилинде макалаларды жарыялаганыбыз жакшы.

Окумуштуулар кеңеши жогорудагы маселе боюнча кафедра башчыларынын билдирүүлөрүн эске алып жана талкуулап төмөнкүдөй **Т О К Т О М** кылат:

1. МФТИТинститутунун кафедра башчыларынын билдирүүлөрү эске алынсын;
2. Кафедра башчыларына жана кафедра мүчөлөрүнө коюлган КРІдын аткарылышы кафедра жыйындарында каралсын (жооптуулар кафедра башчылар);
3. Окуу жылынын аягына чейин кафедраларда пландалган КРІдын толук аткарылышы боюнча иштер күчөтүлсүн (жооптуулар кафедра башчылар);
4. Жалпы көзөмөлдөө институттун директору Б.А. Азимовго жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору Г. Матиева жана доцент Г.М. Борбоева тарабынан даярдалган "Свойства отображений поверхностей евклидова пространства, порождаемых заданной сетью" монографиясын басмага сунуштоо.

*УГУЛДУ:* 1) *Б.А. Азимов (Окумуштуулар кеңешинин төрагасы):* математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору Г. Матиева жана доцент Г.М. Борбоева тарабынан даярдалган "Свойства отображений поверхностей евклидова пространства, порождаемых заданной сетью" монографиясын басмага сунуштоо маселеси кафедра тарабынан келип түштү. Кафедранын чогулушунун протоколунан көчүрмө, монография боюнча ички жана сырткы рецензиялары, монографиянын печаттан чыгарылган алгачкы версиясы бар.

2) *Г. Матиева (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):* жогоруда аталган монография берилген торчо тарабынан жаратылган үч өлчөмдүү евклиддик мейкиндиктеги бирдей өлчөмдөгү беттердин чагылтууларынын геометриясын изилдөөгө арналган. Бул монография илимий кызматкерлерге, ЖОЖдордун окутуучуларына, математика, колдонмо математика жана информатика, физика-математикалык билим берүү багыттарынын студенттерине жана магистранттарына арналган колдонмо. Ошондой эле монография студент-магистранттар үчүн тандоо курстарында пайдалуу окуу куралы болот

деген ойдомун. Сиздерден бул монографияны басмадан чыгарууну колдоп берүүнүздөрдү суранам.
3) Б.А. Азимов (Окумуштуулар кеңешинин төрагасы): жогорудагы сунушту МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө добушка коёмун.

Макул-40, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылды:
1. Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору Г. Матиева жана доцент Г.М. Борбоева тарабынан даярдалган "Свойства отображений поверхностей евклидова пространства, порождаемых заданной сетью" монографиясын басмага сунуштоо үчүн ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) ОшМУнун 85 жылдыгына, ОшМУнун доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты, А. О. Абдувалиевдин илимий-педагогикалык ишмердигинин 50 жылдыгына жана 70 жылдык маарекесине арналган «Билим берүүдөгү математика, физика жана маалыматтык технологиялардын актуалдуу маселелери» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары аталышы менен макаларынын жыйнагы басмадан чыгарууну сунуштоо.

УГУЛДУ: 1) Б.А. Азимов (Окумуштуулар кеңешинин төрагасы): математика, информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүү менеджмент (МИОТжББМ) кафедрасынын профессору А.О. Келдибекова тарабынан даярдалган ОшМУнун 85 жылдыгына, ОшМУнун доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты, А.О. Абдувалиевдин илимий-педагогикалык ишмердигинин 50 жылдыгына жана 70 жылдык маарекесине арналган «Билим берүүдөгү математика, физика жана маалыматтык технологиялардын актуалдуу маселелери» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары аталышы менен макаларынын жыйнагы басмадан чыгарууну сунуштоо маселеси кафедра тарабынан келип түштү. Өзүнүздөргө белгилүү болгондой эл аралык илимий-практикалык конференция 2024-жылдын 26-27-сентябрында болгон. Анда сөздү МИОТжББМ кафедрасынын профессору А.О. Келдибековага берели.

2) А.О. Келдибекова (МИОТжББМ кафедрасынын башчысы, профессор): конференциянын илимий программасына 8 багыт боюнча пленардык жана секциялык баяндамалар кирген. Конференцияга келип түшкөн макалалар рецензияланган, алардын ичинен ОшМУнун Жарчысы. Математика. Физика. Техника жана ОшМУнун Жарчысы. Педагогика. Психология журналдарына тандалып алынган, калган 24 илимий макаланы "«Билим берүүдөгү математика, физика жана маалыматтык технологиялардын актуалдуу маселелери» эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары" аталышындагы конференциянын макалаларынын жыйнагын басмадан чыгарууну сунуштайм. Жыйнакта математика жана информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы, педагогика, маалыматтык технологиялар жана санариптик чечимдер бөлүмүнө педагогика тармагындагы адистердин, ошондой эле заманбап мектепке чейинки, мектеп жана университет практикасында окутуу технологияларын жана инновацияларды жигердүү изилдеп жаткан илимий кызматкерлердин, окутуучулардын, аспиранттардын, магистранттардын эмгектери жарыяланат.
3) Б.А. Азимов (Окумуштуулар кеңешинин төрагасы): жогорудагы сунушту МФТИТ институтунун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө добушка коёмун.
Макул-40, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылды:

1. ОшМУнун 85 жылдыгына, ОшМУнун доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты, А. О. Абдувалиевдин илимий-педагогикалык ишмердигинин 50 жылдыгына жана 70 жылдык маарекесине арналган «Билим берүүдөгү математика, физика жана маалыматтык технологиялардын актуалдуу маселелери» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары аталышы менен макаларынын жыйнагы басмадан чыгарууга сунушталсын.

в) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун информациялык системаллар жана программалоо кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. изденүүчү У.А. Сактановдун доктордук диссертациясынын темасын өзгөртүү.
*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* ИСП кафедрасынын изденүүчү ф.-м.и.к., доцент У.А. Саткановдун доктордук диссертациясынын темасын өзгөртүү боюнча сунуш келип түшкөн жана илимий кеңешчиси Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин академик А.А.Борубаев атындагы алгебра, геометрия, топология жана жогорку математиканы окутуу кафедрасынын башчысы ф.-м.и.д., профессор Б.Э.Канетовдун макулдугу бар. Акырыкы убактарда алынган илимий изилдөөнүн жыйынтыктарнын негизинде Сактанов Улукбек Абдисаматовичтин 2018-жылы бекитилген доктордук диссертациясынын “Некоторые задачи теории равномерных пространств и их отображений” (01.01.04 - геометрия жана топология) аталышындагы темасын изилдөөнүн объектиси, орунттуу сөздөрү жана илимий кеңешчиси сакталуу менен “Принципы выбора в равномерных пространствах и равномерно непрерывных отображениях” (01.01.04 - геометрия жана топология) аталышындагы темага өзгөртүү сунушун колго саламын.

Макул-40, каршы-жок, калыс-жок.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ТОКТОМ** кылды:

1. Сатканов Улубек Абдисаматовичтин илимий кеңешчиси катары профессор, ф.-м.и.д., Б.Э. Канетов өзгөрүлбөстөн сакталып, доктордук диссертациясынын “Некоторые задачи теории равномерных пространств и их отображений” (01.01.04 - геометрия жана топология) аталышындагы темасы изилдөөнүн объектиси, орунттуу сөздөрү сакталуу менен “Принципы выбора в равномерных пространствах и равномерно непрерывных отображениях” (01.01.04 - геометрия жана топология) аталышындагы темага өзгөртүлсүн;х

2. Бул сунушту колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар
кеңешинин төрагасы Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы З.Ж. Мурзакматова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ • ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ • ИНСТИТУТ МАТЕМАТИКИ, ФИЗИКИ, ТЕХНИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ
МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ
ИНН: 02207199610017